Бишкек шаарынын Биринчи май районундагы №54 жалпы билим берүү мектебинин мугалимдеринин педагогикалык кеңешинин 2021-2022-окуу жылындагы №12 протоколу

27.08.2021 Бишкек шаары

Темасы: 2020-2021-окуу жылындагы аткарылган иштерди талдоо, жаңы окуу жылына коюлган милдеттер жана максаттар.

Катышкандар: мектеп директору, мугалимдер (61 мугалим)

Күн тартибине коюлган маселелер:

1. Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы жана 2021-2022-окуу жылына карата коюлган маселелер (Джангазиева Э.Б., Джумакова К.М.)

2. Усулдук бирикмелердин аткарылаган иштери жана жаңы окуу жылына карата коюлган маселелер (Джангазиева Э.Б.)

3. Мектептин тарбиялык иштери, 2021-2022-окуу жылына карата коюлган маселелер (Мыктыбекова К.М.)

4. Мамлекеттик тилдин мектеп ичинде жүргүзүлгөн иштери жана жаңы окуу жылына коюлган маселелер (Жумадылова А.С.)

5.Ар түрдүү маселелер :

- жаңы окуу жылына карата жаңы багыттар (Илиясова.Ж.Т.)

-окуучулардын тамактануусун уюштуруу (Митюкляева Ю.В., Кеңешбекова.Б.И.)

-Тарификация боюнча сааттардын бөлүнүшү (Джумакова.К.М.)

-Күзгү сыноого калган окуучулар , алардын жыйынтыгы (Джангазиева Э.Б.)

-Класстарды комплектөө (1-4кл, 5-9кл, 10-11кл) (Джумакова К.М., Джангазиева.Э.Б)

-Коопсуздук эрежелери (өрт коопсуздугу, техника коопсуздугу, жугуштуу ооруларды алдын алуу (COVID-2019) (Мыктыбекова К.М.)

-Окуучуларды класстан класска которуу (ата-энелердин жазган арыздарынын негизинде (Джангазиева Э.Б.)

-Мектепти ондоп-түзөөнүн жыйынтыгы, инвентаризациялоо, кыш мезгилине даярдык көрүү (Токторбаева .Б.И.)

-“Күндөлүк” журналына өтүү (мугалимдерге түшүндүрүү маселелери) (Джангазиева.Э.Б., Джумакова.К.М.)

-Башталгыч классынын окуучуларынын мектепке келип-кетүү эрежелери (Асанбекова.Г.Ж)

-Насаатчынын иш планы, жаш адистерге жардам көрсөтүү (УБ жетекчилери)

-Сабак жүгүртмөсү (жалпы маалымат) (Илиясова.Ж.Т.)

Угулду: Кыргыз Республикасынын Гимни ойнотулду.

Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы жана жаңы окуу жылына коюлган маселелер боюнча Джангазиева Э.Б сөз сүйлөдү. Жалпы мектептеги иштерге анализ берди. Негизи мектепте ар бир окуу жылына түзүлгөн иш пландын негизинде жалпы окуу процессинде өзгөртүүсүз иш алып барууга болбойт. Бирок, ар бир окуу жылында максаттар жана милдеттер коюлат. Быйылкы окуу жылына карата коюлган негизги максаттар:

- окуучулар менен жекече иштөө, сабак учурунда окуучунун денгээли боюнча тапшырма берүү менен ар бир окуучуну бардык предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана алардын жыйынтыгын чыгаруу.

Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты:

- окуучуларга ар тараптуу мамиле кылуу менен ар тараптан өнүккөн, чыгармачыл, изденген, элин жана жерин сүйгөн ,аны коргой билген, компоненттүү инсанды тарбиялоо.

**Милдети:**

-окуучуларга сапаттуу билим берүү;

-мугалимдер чыгармачылык, интерактивдүү методдор менен сабак өтүүгө умтулуу;

-окуучуларды патриоттуулукка, Ата Мекенди сүйүп, аны коргой билүүгө тарбиялоо;

-башталгыч жана негизги, орто билим блокторунун ортосундагы максаттарды иштеп чыгуу;

-ар бир окуучунун жекече иштөөсүнө, өздөштүрүүсүнө чыгармачыл изденүүсүнө жол ачуу менен жекече иш алып баруу, начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу.

-окуу процессесинде матриалдык-техникалык жана дидактикалык жактан камсыздоону сунуштоо жана жакшыртуу;

-окуучулардын өзүн-өзү тарбиялоосу жана өз дүйнөсүнүн жетилүүсүнө багыт берүү;
**Күтүлүүчү жыйынтыктар:**

Талапка ылайык ар түрдүү деңгээлдеги окуучулар менен жекече иштөө,ар бир окуучу менен иштөөнүн жолун билүү;

-окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен ар кандай иш тажрыйба топтоо;

-жакшы сабактардын иштемелерин жаш мугалимдер арасында жайылтуу;

-окуучулардын жөндөмдөрүн эске алуу менен түрдүү формадагы долбоорлорго, конкурстарга катышуунун жыйынтыгын талдоо.

-Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жолдорун издөө;

Жалпы анализ: Мектептин билим берүү программасы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына толугу менен дал келет.Билим берүү программасы 2021-2022-окуу жылы үчүн  Базистин окуу планы  КРнын Билим берүү жана илим минисирлигинин 2020-жылдын 18-июлундагы №475/1 буйругун негизинде иштелип чыккан.Окуу планында окуу предметтеринин  тизмеси, ага каралган саатардын саны, билим берүүнүн мазмуну, анын приоритеттүү багыттары жана окуу дисциплиналарынын циклдарынын ортосундагы сандык катнаштарын мүнөздөгөн документ биргелешип,(БББ) бекитилип,окутуу улантууда. Жалпы мугалимдин иш аракети быйылкы окуу жылында онлайн окуу менен өзгөчөлөндү. Мектеп мугалимдери да бардык мугалимдер сыяктуу көп кыйынчылыктарга,жетишкендиктерге жетишишти.
Окуучулардын жалпы өздүк курамына токтолсок жыл башында 1896 кабыл алынган. Окуучулардын жыл ичинде келип-кетүү дайыма контролго алынды. Мектеп ичинде жалпы билим сапаты чейрек бою ар бир предмет боюнча такталып, мониторинг жүргүзүлдү. Көп сабактар,чогулуштар окуу онлайн болгонуна байланыштуу ZOOM аркылуу өтүлдү. Мектеп мугалимдери педагогикалык квалификациясын да онлайн жогорулатышты. “ Жаңы инновациялык метод менен иштөөнүн өзгөчөлүгү жана ишке ашыруу максатында мугалимдердин көбү онлайн курс окушту.

Экинчи маселе боюнча да Джангазиева Э.Б. сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө мектептеги усулдук бирикме жетекчилери быйыл сабактар онлайн болгонуна карабай, мектептин ички планына ылайык бардык иш- план, жетишкендиктер өз убагы менен болгонун белгиледи. Ар бир усулдук бирикме декадаларды (онлайн) өткөрүштү. Ачык сабактарды көргөзүштү. Былтыркы окуу жылында 2020-2021-окуу жылында мектепте методикалык иштин маселелери төмөндөгүдөй:

-методикалык иштин абалын анализдөө;

-мугалимдердин жана окуучулардын чыгармачылыгын,алдыга койгон максаттарын,маселелерин жайылтуу.

-ар тараптуу өнүгүүлөрдү колдоо ;

-мугалимдердин кесиптик чеберчилигин  өз убагында жогорулатууга  шарт түзүү

-таланттуу окуучулар менен иш алып баруу;

-окуу процессинде заманбап окутуунун технологияларын колдонуу;

-окуу тарбия иштерин жүргүзүүдө жаш адистерге жардам берүү;
Үчүнчү суроо боюнча мамлекеттик тил боюнча мектеп директорунун о.б. Жумакулова А.С. сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө: Кыргыз тили предмет катары мектепте окуучунун

максаты бул - “Окуучуларды  кыргыз тилинин лексикалык, грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө,кеп маданиятынын эрежелерин кебинде туура сактоого үйрөтүү. Ар бир программалардын аткарылышы жыл ичинде планга ылайык көзөмөлгө алынды .Мектеп ички планына ылайык ар бир иш чара өз убагында (онлайн,кээ бир класстарда)өткөрүлдү.Отчеттер,мониторингдер өз убагында тапшырылды.

Төртүнчү маселе боюнча Мектептин тарбиялык иштери боюнча  Мыктыбекова К.М сөз сүйлөдү. Быйылкы окуу жылындагы тарбия иштери боюнча бардык жетишкендиктери жана ийгиликтерди санап өттү.Ар бир чейрек сайын тийиштүү отчеттор алынып,иш-чаралар өз убагы менен өтүлгөнүн белгиледи.Класс жетекчилер тарабынан өз убагында бир айлык,жумалык класстык сааттар өткөрүлдү. Бардык БББ нын келген тапшырамалар өз убагы менен аткарылды.Ички көзөмөлдөр мектеп ичиндеги иш-чаралар өз убагы менен өттү. Коопсуздук эрежелер: ЖЖЭ, ТК, ӨК, ССЭ жөнүндө класстык сааттар өтүлдү. Быйылкы окуу жылында жугуштуу оору катары эсептелген “COVID-19” оору бүткүл жер шаарын каптагандыктан, орунду маселе катары бардык шарттар өз убагы менен аткарылды. Быйылкы окуу жылына окуучуларга коюулуучу талаптар:

-Коопсуздук эрежелерди сактоо (ЖЖЭ, ТК, ӨК,ССЭ)

-Жугуштуу ооруларды алдын алуу (маска тагынуу,ооруп калса класс жетекчисине эскертүү,антисептикти дайыма колдонуу,аралыкты сактоо);

-Мектеп сыртында ишембилик өткөзүп туруу

-Класс кабинеттердин тазалыгына көңүл буруу;

-Күндөлүктөргө үйгө чейинки маршрутту чийүү жана класс жетекчилер контролго алуу;

-ар бир класс жетекчи өз убагы менен бергилген темаларга ылайык класстык саат өтүү;

-ата-энелер менен ата-энеси мигрант окуучулардын ата-энелери менен иш алып баруу;

-Бардык класс жетекчилер класстык сааттарда терроризм-экстремизмди алдын алуу максатында, окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүлдү;

-3%хлор (гипохлорид) дайыма кабинет тазалоодо колдонуу;

-Мектеп кызматкерлерине түрткү берүүчү эмгек акыны чегерүү боюнча мектеп директорунун ОТИ боюнча орун басары Джумакова К.М. сөз сүйлөдү.Ал ар бир квартал сайын усулдук бирикме жетекчилери жана атайын түзүлгөн комиссия иш алып бараарын айтты.Ар бир усулдук бирикмеде эмгек акыны чегерүү боюнча балл коюлгандан кийин ар бир мугалим ал протокол менен таанышып,кол коюп беришсе деп өтүндү.Жалпы эмгек акыны бөлүштүрүү ар бир мугалимдин жасаган эмгегине жараша болот экенин белгиледи.

Ар түрдүү суроолордо мектеп директору Илиясова Ж.Т. сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө быйылкы окуу жылына коюлган маселелерге токтолду:Эң негизгиси педагогикалык этика боюнча так маалымат айтып,буйрук окуду (№17  12.19.21.)

-Билим берүү тармагында эмгектенген мугалимдердин жүрүм турум нормаларын сактоо адеби боюнча комиссия түзүлсүн( мугалимдер, ата энелер коомчулугунан  менен бирге);

-Мектепте окуучунун ар тараптуу инсандык өнүгүшүнө багытталган коопсуз жылуу жумшак маанайда шарт түзүлсүн;

-Окуучуларга билим тарбия берүүдө зордук зомбулук ыкмаларын колдонууга тыюу салынат(кыйкыруу, кол көтөрүү, басынтуу)

-Окуу – тарбия процесси мыйзам чегинде, окуучунун кызыкчылыгы эске алынып, окуучуну коомчулуктун тең укуктуу мүчөсү катары кабыл алуу, сыйлоо жана зордук зомбулуктан коргоо, анын мыйзам чегиндеги укугун жана эркиндигин камсыздоо менен түзүлсүн;

**-Мугалимдер өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө төмөндөгүлөргө милдеттүү болушсун:**
-Окуучуларды тарбиялоодо адептүүлүккө, ыймандуулукка, ата энени сыйлоого, маданий баалуулуктарды сактоого жана курчап турган чөйрөгө аяр мамиле жасоого үйрөтүүгө
-Эмгек тартибин түздөн түз сактоого
-Жамаат ичинде туруктуу жана позитивдүү моралдык-психологиялык абалды түзүүдө үлгү болууга
-Кызматтык милдетин аткарууда мугалимдин кийимине, иш стилине ылайык болууга
-Ар бир адамдын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык, кызматтык абалына карабастан анын укугун, намысын, адамкерчилигин сыйлоого
-Кесиптик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө жана кемчиликтерди жоюуда коомчулук тарабынан айтылган сын пикирге сабырдуулук менен мамиле жасоого
- Кесиптештерининин ичинде мугалим моралдык этиканын нормаларын сактоого милдеттүү
-Мугалимдердин моралдык- этикалык нормаларды сактоо эрежелери педагогикалык кеңеште каралып, дайыма талкуулансын,-деди.
-Андан кийинки маселе катары 1-4-кл,5-7-кл окуучуларынын тамактануусу боюнча буйрук менен тааныштырды. Класс жетекчилерге отчетторду так берүүсүн өтүндү .

-“Мыйзамсыз акча чогултпоо” боюнча чыгарылган буйрук менен коллективди тааныштырып, ар бир мугалим мыйзам чегинде гана иш алып баруусу керек.-деп белгиледи.

-мектепте электр энергиясын сактоо максатында кабинеттерде жарык өз убагы менен күйүп жана өчүрүлсүн,- деп эскертти.

-Окуучулардын мектеп ичинде класстан класска которулушу, ата-энелердин жазган арыздарына жараша гана жүргүзүлөт, -деп эскертти. Ошондой эле жалпы жамаатты жаңы окуу жылынын карата өтүлө турган педагогикалык кеңешмелердин темалары менен тааныштырды.

Тарификация жана класстарды коплектөө боюнча Джумакова К.М сөзгө чыкты. Ал сөзүндө: традикация боюнча бардык сабактар мугалимдерге бөлүнүп берилгенин айтты. Бирок, вакансия кээ бир сабактардан бар экенин эскертти. Класстар болсо жалпы 51 класс болуп, 1878 окуучу кабыл алынды. Ар бир класска класс жетекчилер дайындалды. Кабинеттер бөлүндү.

Комплектөө боюнча:

1-4-кл – 22 класс – 784 окуучу
5-9-кл – 25 класс – 881 окуучу
10-11 – 4 класс – 122 окуучу
Жалпы 1794 окуучу, 64 мугалим катталды.

Күзгү сыноо боюнча Джангазиева Э.Б. сөз сүйлөдү. Күзгү сыноого калган окуучулар быйылкы окуу жылында өзгөчө көп болду. Онлай окуу болгонуна байланыштуу көп окуучулардын сабака катышуусу, жетишүүсү начарлады. Мугалимдер күзгү сыноого калган окуучулар менен август айында иш алып барышты.

Мектепти оңдоп, түзөөнүн жыйынтыгы, мектептин жаңы окуу жылына карата даярдыгы боюнча Токторбаева Б.И сөз сүйлөдү. Ар бир кабинет быйылкы окуу жылында өз убагы менен ремонттон өттү. Ар бир жыл сайын мектептин чатыры эскирип жаткандыктан, быйыл бардык бөлүгү толугу менен мамлекеттин эсебинен которулду. Ар бир кабинет жана каридорлор акталып, сырдалды. Спорт зал,сырткы аянтчалардын бардыга оңдоп, түзөөдөн өттү, -деди.

**“Күндөлүк”** журналына өтүү боюнча ОТК боюнча мектеп директорунун орун басары Джангазиева Э.Б сөзгө чыкты. Ал өз сөзүндө бул прогрмма боюнча жакшы түшүндүү болуп өткөнүн белгиледи. Анын сөзүнөн кийин,жалпы коллектив “ Күндөлүк” прогрммасы менен иштөөнү чечишти. Улантмалуулук азыркы учурда окутуудагы актуалдуу маселелердин бири экенин мектеп директорунун ОТК боюнча орун басары Джумакова К.М. белгиледи. Уланмалуулуктун бирден бир талабы ар бир баскычтагы кыйынчылыкты жеңип чыгуу (1,5-10-кл).

Башталгыч классынын мугалимдери окуу планын түзүүдө жаш муундарга класстан тышкары сабактарды да кошуп, ал эми ортоңку звенодо жаш өзгөчөлүгүнө карата классттык сааттарды да кошуп өтсөк, жакшы жыйынтык берет . Себеби, окуучулардын жөндөмдүүлүгү жаш өзгөчөлүгүнө карап,билине баштайт.Ошондой эле 5-класс башталгыч класста окуп жатканда “4” жана “5”ке окуган окуучулар көп болот да, 5-кл “4” жана “5”ке окуган окуучулардын саны кескин азаят да, окуучулардын көбү психологиялык жактан жабыркоого туш болот. Ошондуктан, 5-класстын мугалимдери ар бир окуучу менен жекече иш жүргүзүүгө тийиш экенин белгиледи.

Башталгыч классынын окуучуларынын мектепке келип-кетүү эрежелери боюнча мектеп директорку Илиясова Ж.Т сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө 1-4-классынын окуучуларын азыркы шартка байланыштуу ата-энелер өздөрү алып келишип, сабак бүткөндөн кийин кайра өздөрү алып кетишсин,-деди.Ар бир башталгыч классынын мугалимдери ар бир окуучунун ата-энелери менен тыгыз байланышта иштөөсү керек эненин белгиледи.

Насаатчылык иштери боюнча Джумакова К.М сөз сүйлөдү. Быйылкы окуу жылында жаш адистер көп келди. Анын ичинен атайын аныктама-жолдомо менен кыргыз тили жана адабияты мугалими Алмазбекова Н.А., орус тили жана адабияты мугалими Акрамова Д.А., музыка мугалими Упабекова Д.С. келишти.Жаш адистердин ишине насаатчылык кылуу үчүн атайын мугалимдер бөлүндү. Ал мугалимдер жаш адистердин ишине насаатчылык кылуу үчүн дайындалды.Ал мугалимдер жаш адистерге сабак өтүүсү керек,-деп белгиледи. Ар бир жаш адис менен жалпы иш жүргүзүү ар тараптуу болот.

Мектептин эң негизги көйгөйү болгон сабак жүгүртмөсү. Бирок,класстар көп болгон, Бишкек билим берүү башкармалыгына сунуштама-кат менен кайрылып, мектеп жүгүртмөсү алты күндүк  окууга өткөрүүгө туура келди. Бирок жалпы класстардын ичинен башталгыч класстар 5 күн,11-класстар (ишенби күнү ЖРТ даярдануу үчүн )5 күн, экинчи сменадагы 5-класстар да жаңы экинчи баскычка өтүп жаткандыктан 5 күн, (күндөрү ишенби күнгө туш келбейт,ишемби күнү 22 клаас б.а.башталгыч класс эс алууда болгон ишенби күнү окуп, жума ичинде бир күндөн эс алууга туш болуп жатканын белгиледи. Ошондой эле бул мектептеги жүгүртмөдөн сырткары 1г-кл окуучусу ооруп жаткандыгына байланыштуу үйдө окутулат .Жалпы айтылган сабак жүгүртмөсү боюнча мектеп диретору Илиясова Ж.Т. да сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө ар бир мугалимдин шартына эмес, мектеп шартына карап, сабак жүгүртмөсү түзүлсүн,-деп эскертти. Ошондой эле быйылкы окуу жылындай эле мектеп компоненти 5-кыргыз класска орус адабияты, 5-орус класска кыргыз адабияты, 8-кыргыз класста орус адабияты сабактары былтыркы окуу жылындай эле калып, мугалимдерге сааттар бөлүндү.

Ар бир мугалим сабакта өзүнүн сабагынын жүгүртмөсүнө ылайык келип, сабак өтүш керек экенин белгиледи.Андан кийин мектеп мед айымы Кадырова Р. : Азыркы мезгилдин эң коркунучтуу, жугуштуу оору катары COVID-19 экенин баарыбыз билебиз. Республика боюнча “жалпы эмдөө” жүргүзүлүп жатат. Вакциналар илимдер системасында вирустарды жана бактерияларды  таанууга жана аларга каршы күрөшүүгө даярдайт.Жалпы коллективде вакцина алган мугалимдер көп болуп калганы да белгиленди.

**Токтом кылынды:**

1.Жалпы педогогикалык жамааттын сабактары активдештирилсин;

2.Иш кагаздары мамлекеттик тилде, туура жана так жүргүзүлсүн;

3.Усулдук бирикменин жетекчилери пландалган иштерди так жүргүзүп, отчетторду өз убагында окуу бөлүмүнө тапшырышсын ;

4.Класстык журналдар, календардык пландар, күндөлүк сабактын планы усулдук бирикме жетекчилери аркылуу текшерилип,өз убагында окуу бөлүмүнө отчет берилсин;

5.Насаатчы мугалимдердин жаш адистер менен иштөөсү активдештирилсин;

6.Башталгыч класс менен орто мектептин ортосундагы улантмалуулук иштерине көзөмөл жүргүзүү Джумакова К.М. жүктөлсүн;

7.Бардык класстарда коопсуздук эрежелери:ТКЭ,ЖЖЭ, Өрт коопсуздугу, сууда сүзүү эрежелери,БББ тарабынан берилген негизинде өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту алдын-алуу жана терроризм-экстремизм боюна окуучулардын коопсуздугу, ден соолугун сактоо максатында түшүндүрүү иштери класстык сааттарда класс жетекчилер тарабынан, мектеп админинстрациясы, ЖОН тарабынан түзүлсүн;

8.Окуучулардын тартиби, билими, сабактан калуусу, сабака кечигүүсү тууралу ата-энелерге билдирүү класс жетекчилерге жүктөлсүн;

9.Жугуштуу оорулардын алдын-алуу максатында бардык окуу бөлмөлөрүндө, аянтчаларда , айланасында дайыма тазалык иштери жүргүзүлсүн ,аны контролго алуу Майтиева Н.К жүктөлсүн;

10.Окуучулардын тамктануусун уюштуруу ишин 1-4- класстарда биология мугалими Митюкляева Б.К.5-7- класстарда соц педагог Кеңешбекова Б.К жоопту болушсун;

11.Башталгыч классынын окуучуларын мектепке алып келүү,алып кетүү ата-энелерге жүктөлсүн,ал эми окуучуларды тактоо класс жетекчилерге жүктөлсүн;

12.Мектеп компонети катары 5-класстарда (кыргыз класс) орус адабияты, 5-орус класстарда орус адабияты тандалып,мектеп жүгүртмөсүнө коюлсун;

13.Окуучулардын мектеп ичинде класстан-класска көчүрүү тартиби окуу бөлүмүнүн башчысы Джумакова К.М. көзөмөлгө алсын;

14.Бардык мугалимдер окуу жылына ылайык бардык мугалимге тиешелүү документтерди такташсын;

15.Терроризм жана экстремизмдин алдын алуу максатында мектеп окуучуларынын коопсуздугун сактоо үчүн кезметте турган мектеп администрация мүчөсү окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

16.Мектеп жүгүртмөсү алты күндүккө өткөрүлсүн, 11-кл, 5-кл, 1-4-кл 5 күндүк жүгүртмөдө калышсын;

17.Күндөлүк программасы жыл бою мугалимдер жана класс жетекчилер тарабынан активдештирилсин;

18.Жугуштуу ооруларды,өзгөчө COVID-19 оорусун алдын алуу максатында дайыма мектеп ичинде санитардык норма сакталып,окуучулар аралыкты сакташсын.

19.Ар бир окуучунун сабакка катышуу жана жетишүүсү класс жетекчилер тарабынан контролго алынсын.

Директор Илиясова Ж.Т.

Катчы Джумакова К.М.